КӨЧҮРМӨ
КОПИЯ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

жаран Сатаркул Аскарович Мусабаевдин өтүнүчүн

өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2013-жылдын 12-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, курамында А.О.Нарынбекова, М.Р.Бобукеева, Ч.О.Осмонова, катчы М.Э.Толобалдиевдин катышуусунда жаран С.А.Мусабаевдин кайрылуусун карап төмөндөгүлөрдү

**т а п т ы :**

Жаран С.А.Мусабаев 2013-жылдын 9-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) өтүнүч менен кайрылып, анда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2011-жылдын 16-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» мыйзамдын 48-беренесинин экинчи абзацынын, кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар Кыргыз Республикасынын жараны,соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан айыл өкмөтүнө башчы болушу мумкун эмес, деген талабы Конституцияга карама каршы келгендиктен, белгиленген тартипте Конституциялык эмес деп таап берүүнү суранат.

Жаран С.А.Мусабаев арызын негиздеп төмөнкүлөрдү көрсөткөн, 2013-жылдын 28-январь күнү Чаткал аймактык шайлоо комиссиясынын № 3-протоколунун негизинде Чаткал районунун Каныш-Кыя айылдык округунун

КӨЧҮРМӨ
КОПИЯ

башчысына шайланган. Аталган протокол Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын 2013-жылдын 6-февралындагы № 18- токтому менен бекитилген.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын башчысына сунуш келтирип, анда Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 48-беренесинин 2-бөлүгүнө таянып, жогоруда көрсөтүлгөн Чаткал аймактык шайлоо комиссиясынын 2013-жылдын 28-январындагы №3-протоколун жана Борбордук шайлоо комиссиянын 2013-жылдын 6-февралындагы № 18-токтомун жокко чыгарууну талап кылгын. Анткени ал, 2002-жылдын 3-майында Чаткал райондук сотунун өкүмү менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш Жаза Кодексинин 171-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-пункту менен күнөөлүү деп табылып, 5 жылга эркинен ажыратылып, ушул эле кодекстин 63 беренесинин негизинде жаза шарттуу деп эсептелип, эки жылгы сынак мөөнөтү белгиленген. Чаткал райондук сотунун 2013-жылдын 18-январындагы токтому менен соттуулугу жоюлган.

Жаран А.С.Мусабаев Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 48-беренесинин экинчи абзацынын талабы Конституциянын 6 жана 52-беренелеринин ченемдерине карама каршы келет деп эсептейт.

Судьялар коллегиясы өтүнүчтү жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесининин 2-бөлүгүнүн негизинде арызды текшерген судья А.О.Нарынбекованын маалыматын угуп төмөнкүдөй жыйынтыкка келди.

Жаран А.С.Мусабаевдин өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын

КӨЧҮРМӨ
КОПИЯ

20, 21, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына жооп бергендиктен конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алынууга жатат, анткени конституциялык палатада ишти кароого негиз болуп мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу эсептелет.

Жогорудагылардын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2 жана 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1.Жаран Сатаркул Аскарович Мусабаевдин өтүнүчү конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алынсын.

2.Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы : А.О.Нарынбекова

М.Р.Бобукеева

Ч.О.Осмонова

№ ОКС-0033-1/п